КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

30.04.2024 № 677/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Башталгыч кесиптик окуу жайларында тарбия иштерин уюштуруу Жобосун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-июлундагы ПЖ № 313 “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны бекитүү тууралуу” Жарлыгына ылайык жана башталгыч кесиптик окуу жайларында тарбия иштерин уюштуруу жана жүргүзүү боюнча сапаттуу жана натыйжалуу ишмердүүлүктү камсыз кылуу максатында, **буйрук кылам.**

1.Башталгыч кесиптик окуу жайларынын жетекчилери Жобону жетекчиликке жана так аткарууга алышсын.

2.Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Башталгыч кесптик билим берүү агентигинин 2014-жылдын 16-июнундагы №1/229 буйругу жокко чыгарылсын.

3.Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгына жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Абазбек уулу Расул**

Көчүрмөсү анык

Атк: Абдыракманова А. (66-03-51)

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлигинин 2024-жылдын,
«30» апрелиндеги
№ 677/1 буйругу менен бекитилди

**Башталгыч кесиптик билим берүү уюмундагы тарбия иштери жөнүндө Жобо**

Бул жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-июлундагы ПЖ № 313 "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны бекитүү тууралуу" Жарлыгына ылайык жана башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарында тарбия иштерин уюштуруу жана жүргүзүү боюнча сапаттуу жана натыйжалуу ишмердүүлүктү камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жобо башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарында тарбия иштерин уюштурууну жөнгө салат.

1.2. Билим берүү уюмундагы тарбия иштерин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары уюштурат жана координациялайт. Мындай кызмат орду жок болгон учурда айкалыштырып иштөө тартибинде милдеттер жүктөлгөн кызматкер ишке ашырат.

1.4. Билим берүү уюмунун тарбиялык иштеринин максаты болуп окуучулардын активдүү жашоо-турмушу, интеллектуалдык, социалдык-маданий жана адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүндөгү муктаждыктарын максималдуу канааттандыруу үчүн алардын өзүн-өзү аныктоосу жана ишке ашыруусу үчүн шарттарды түзүү саналат.

## 2. Тарбия иштеринин милдеттери

2.1. Тарбия иштеринин негизги милдеттери:

- коомдо демократиялык мамилелердин негиздерине ээ болгон, өзүн башкарууга, кабыл алынган чечимдер үчүн жоопкерчилик тартууга жөндөмдүү социалдык активдүү инсанды тарбиялоо;
- изилдөө иштеринин жүрүшүндө окуучулардын билим алуудагы өз алдынчалыгын тарбиялоо;
- окуучулардын окуу-таанып-билүү иш-аракеттерин башкарууда билим берүү жана тарбиялоо процесстеринин биримдигин камсыз кылуу;
- окуучулардын укуктук маданиятын тарбиялоо;
- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы;
- билим берүү уюмунун окуучуларын патриоттук тарбиялоо;
- окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

- окуучуларды көп улуттуу маданияттын салттарын терең урматтоого, интернационализмге жана толеранттуулукка тарбиялоо;

- окуучуларды экологиялык тарбиялоо.

2.2. Коюлган милдеттерди аткаруу үчүн билим берүү уюму төмөнкүлөрдүн үстүндө иш алып барат:

- окуучулар коомчулугунун жана жалпысынан билим берүү уюмунун корпоративдик маданиятын калыптандыруунун;

- билим берүү уюмунун тарбиялоо процессин маалыматтык-укуктук камсыздоонун;

- билим берүү уюмунун тарыхый-маданий салттарын жана жаштарды тарбиялоодогу үзгүлтүксүздүктү сактоонун.

### 3. Тарбия иштеринин мазмуну

3.1. Билим берүү уюмунда тарбия иштери инсанга багытталган жана системалуу мамилелерге ылайык түзүлөт.

3.2. Билим берүү уюмунда тарбия ишинин негизги багыттары катары төмөнкүлөрдү аныктоого болот:

- Тарбиялоо процессинин бардык катышуучуларынын ишин пландаштыруу жана координациялоо.

- Мастерлер, окутуучулар, жаш адистер, ата-энелер ж. б. менен пландуу иш алып баруу.

- Окуучулук өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жана аны маалыматтык-укуктук жактан камсыз кылууну өркүндөтүү.

- Изилдөө ишинин процессинде окуучулардын билим алуудагы өз алдынчалыгын тарбиялоо.

- Корпоративдик маданиятты өнүктүрүү жана окуучулар коомчулугунун бирдиктүү маалыматтык мейкиндигин түзүү.

- Инсандын руханий-адеп-ахлактык жана дене тарбиясын өнүктүрүү;

- Окуучулардын укуктук маданиятын тарбиялоо жана укук бузууларды, аракечтикти, баңгиликти, тамеки чегүүнү алдын алуу.

- Сергек жашоо мүнөзүн пропагандалоо.

- Инсандын чыгармачылык индивидуалдуулугун жана коллективизмди тарбиялоо.

- Өзүн ишке ашырууга жана чыгармачылыкка багытталган атаандаштыкка жөндөмдүү инсанды тарбиялоо.

- Патриотизмге тарбиялоо жана окуучулардын активдүү жарандык позициясын калыптандыруу.

3.3. Заманбап шарттарда социалдык активдүү, билимдүү, адеп-ахлактуу жана саламат инсанды өнүктүрүүгө багытталган принциптер болуп: окутуунун жана тарбиялоонун биримдиги, жекече мамиле кылуу, окуучулардын ишмердиктин ар кандай түрлөрүнө катышуусу, социалдык өз ара аракеттенүү саналат.

3.4. Билим берүү уюмунда тарбиялоо ыкмаларына жана принциптерине ылайык тарбиялоо формаларын, ыкмаларын жана заманбап технологияларын тандоо жана өркүндөтүү ишке ашырылат.

## 4. Тарбия иштерин уюштуруу

4.1. Билим берүү уюмундагы тарбия иштерин директордун тарбия иштери боюнча орун басары (же айкалыштыруу тартибинде милдетин аткаруучу кызматкер) уюштурат.

4.2. Директордун тарбия иштери боюнча орун басары (же айкалыштырып иштөө тартибинде милдетин аткаруучу кызматкер) өз ишин мастерлер, окутуучулар жана окуучулар жамааты менен биргеликте жүзөгө ашырат.

4.3. Билим берүү уюмунда тарбия иштерин башкарууну жана уюштурууну маалыматтык камсыздоо эки формада ишке ашырылат – оозеки (оозеки буйрук, чогулуштарда пикир алмашуу, чыгып сүйлөө ж.б.) жана жазуу жүзүндө (буйруктар, пландык жана отчеттук документтер, дубал гезиттер ж.б.)

4.4. Билим берүү уюму тарбия иштеринин процессинде аймактын башка коомдук жана мамлекеттик уюмдары жана мекемелери менен өз ара аракеттенет.

## 5. Тарбия иштерин жүзөгө ашырууда колдонулуучу сыйлоо формалары

5.1. Тарбия иштеринде жетишкен ийгиликтери үчүн мастерлер, окутуучулар жана өзүнүн ишинин мүнөзү тарбияга байланыштуу болгон башка кызматкерлер төмөнкүдөй түрдө сыйланышы мүмкүн:

- өздүк ишке киргизүү менен алкыш жарыялоо;
- ардак грамоталары, дипломдор менен сыйлоо;
- жогору турган уюмдарга сыйлыкка көрсөтүү.

## 6. Тарбия иштерин материалдык жактан камсыз кылуу

6.1. Билим берүү уюмунда тарбия иштерин материалдык жактан камсыз кылуу колдонуудагы мыйзамдарга ылайык бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттардан түзүлөт.